**“№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемеси**

# “№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинин педагогикалык кеңеши жөнүндө

# ЖОБОСУ

**Таш-Көмүр шаары**

**Шамалды-Сай шаарчасы**

**2022-жыл**

Бекитемин
Директор Джаныбаева Ч.Т.
«__01__» ____09____ 2022-жыл

**“№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемеси**

**Педагогикалык кеңеш жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Педагогикалык кеңештин максаттары жана милдеттери.

**1.1. Педагогикалык кеңештин максаты:**

- билим берүү мекемесинин жамаатынын балдарды жана өспүрүмдөрдү окутуу жана тарбиялоо багытындагы иш аракеттерин багыттоо, алардын коомдогу социалдык адаптациясын, интеграциясын камсыз кылуу болуп эсептелет.

**1.2. Мектептин педагогикалык кеңешинин негизги максаттары:**

- окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу;

- педагогика илиминин жетишкендиктерин, алдынкы педагогикалык тажрыйбалардын жана окутуунун инновациялык технологияларын иш жүзүнө ашыруу:

- тиешелүү аймактагы мектеп жашындагы бардык балдардын окууга тартылуусун камсыз кылуу;

- медициналык-психологиялык комиссиянын сунуштарынын негизинде атайын мүчүлүштүгү бар балдарды инклюзивдүү (окуучулар менен бирдикте) окууга тартууну кийирүү;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун окуп үйрөнүү, « Манас» эпосунун 7 осуяттарынын, кыргыз жана башка улуттардын (Кыргызстанда жашашкан) каада-салттарынын негизинде окуучуларды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоо.

## 2.Педагогикалык кеңештин иштеринин мазмундары.

2.1. Педагогикалык кеңеш-мектептин окуу-тарбия иштеринин негизги маселелерин кароочу туруктуу иштөөчү орган болуп саналат.

2.2. Педагогикалык кеңешме төмөнкү маселелерди карайт:

- педагогикалык кадрларды жайгаштыруу, окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү, мугалимдердин аттестациядан өтүүгө сунуш кылынган мүнөздөмөлөрдү жана мугалимдердин иштерин баалоо жөнүндөгү;

- мектептин уставын кабыл алуу жөнүндөгү;
- окуучулардын жана тарбиялануучулардын ар түрдүү кружокторун уюштуруу жөнүндөгү;
- мектептин киреше табуу боюнча ишмердүүлүгү (кошумча билим берүү кызматтары) жөнүндөгү;
- окуучуларды экзаменге кийирүү, класстан класска көчүрүү, кайрадан класска калтыруу, экзамендерден бошотуу;
- толук эмес орто жана орто билими жөнүндөгү күбөлүктөрдү жана аттестаттарды берүү жөнүндөгү;
- мугалимдердин иштерин баалоо (сыйлоо жана жазалоо) жөнүндөгү;
- билим берүү мекемесинин иштөө режими жөнүндө.

Педагогикалык кеңеш тарабынан окуучуну мектептен чыгаруу жөнүндөгү чечим качан гана билим берүү мекемесинин уставы окуучу тарабынан одоно бузулуп, мүмкүн болгон бардык чаралар колдонулган учурда гана кабыл алынат.

Педагогикалык кеңеш окуу жылынын жыйынтыгы менен мектеп жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аткаруу боюнча отчетторун угуп, алардын ишмердүүлүгүн баалайт.

2.3. Педагогикалык кеңеш төмөнкү багыттагы маселелерди талкуулайт:
- окуу-тарбия иштеринин абалын жана өнүгүшүн, окутуунун сапатын жогорулатуунун жана баалоону;
- мектептин, методикалык кеңештин, предмет аралык бирикмелердин иштеринин пландаштыруусун жана алардын отчетторун;
- мектептин санитардык-гигиеналык режиминин абалы жана башка багыттагы меселелер жөнүндөгү билдирүүлөрдү;
- мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча маселелерди;
- педагогикалык кадрлардын билимин өркүндөтүү жана кайра даярдоо меселелерин;
- аттестациялык комиссия тарабынан берилген сунуштардын жана отчеттордун аткарылышын;
- балдар кыймылынын уюштурулушун жана өнүгүшүн;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен тыгыз кызматташып иштөө жөнүндөгү маселелерди.

## 3.Педагогикалык кеңештин курамы жана ишинин уюштурулушу.

3.1. Мектептин педагогикалык кеңешинин курамына төмөнкүлөр кирет: мектептин директору (төрайым), анын орун басарлары,УБ нын башчылары, мугалимдер, китепканачы, ата-энелер комитетинин төрайымы.

3.2. Каралган маселелердин мазмунуна карата педагогикалык кеңешменин жыйынына коомдук уюмдардын, өзүн-өзү башкаруу боюнча окуучулар комитетинин, окуучулардын ата-энелеринин өкүлдөрү атайын чакыруу боюнча катышышы мүмкүн. Жогорудагы өкүлдөрдү чакыруу маселесин педагогикалык кеңештин төрайымы тарабынан аныкталат жана алар кеңеште кеңеш берүүчү добушка ээ болушат.

3.3. Педагогикалык кеңеш курамына кирген мугалимдердин арасынан бир окуу жылына карата катчыны шайлайт.

3.4. Педагогикалык кеңеш окуу жылынын башталышында бекитилген иш план боюнча иштейт.

3.5. Педагогикалык кеңештин жыйындары окуу жылынын жүрүшүндө 4 жолу өткөрүлөт. Муктаждыкка жараша кезексиз чакырылган педагогикалык кеңештер өткөрүлүшү мүмкүн.

3.6. Педагогикалык кеңештин чечими ачык добуш менен, айрым учурларда үчтөн эки көпчүлүк добуш менен жабык түрүндө кабыл алынат. Эгерде чечим кабыл алууда добуштардын саны барабар болуп калса, анда чечүүчү добуш катары педагогикалык кеңештин (мектептин директорунун ) төрайымынын пайдасына чечилет.

Педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынган чечим коллективдин мүчөлөрү үчүн милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Ал эми окуучуларды экзаменге кийирүү, класстан-класска көчүрүү, кайрадан класска калтыруу, экзамендерден бошотуу, толук эмес жана орто билими жөнүндөгү күбөлүктү, аттестатты берүү жана мугалимдердин иштерин баалоо (сыйлоо жана жазалоо) жөнүндөгү маселелердин ишке ашырылышы боюнча мектептин директору тарабынан атайын буйрук чыгарылат;

Педагогикалык кенеш тарабынан окуучуну мектептен чыгаруу жөнүндөгү чечим окуучулардын өзүн-өзү башкаруу комитеттеринин, ата-энелердин (алардын ордун алмаштыруучулардын) сунуш пикирлеринин негизинде шаардык жашы жетпегендер менен иштөө комиссиясынын макулдугу менен гана кабыл алынат. Окуучуну мектептен чыгаруу жөнүндөгү чечимдин көчүрмөсү, окуучунун мүнөздөмөсү (педагогикалык кеңеште бекитилген) менен бирдикте шаардык билим берүү бөлүмүнө жана жашы жетпегендер менен иштөө комиссиясына тиешелүү башка билим берүү мекемесине жиберилет.

3.7. Кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө иштерин мектептин директору ишке ашырат. Ар бир кеңештин жыйынынын алдында мурдагы кеңеште кабыл алынган чечимдердин аткарылышы боюнча  кыскача маалыматтарды берет.

3.8. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрү билим берүү мекемесинин иштерин жакшыртуу боюнча кеңешке маселелерди коюга укуктуу.

3.9. Мектептин директору, эгерде педагогикалык кеңеште кабыл алынган чечимге макул эмес болсо, анда анын аткарылышын токтотот жана бул жөнүндө жазуу жүзүндө шаардык билим берүү бөлүмүнө акыркы чечим кабыл алуу үчүн жиберет. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы үч күндүк мөөнөттө шаардык профсоюз комитети менен бирдикте жогорудагы арызды карап чыгып, педагогикалык кеңеште көпчүлүк добуш менен кабыл алынган чечимди негиздеп карап, бул талаш-тартыш суроо боюнча 4 акыркы чечимди кабыл алат.

**4. Педагогикалык кеңештин иш кагаздары.**

4.1. Педагогикалык кеңештин жыйынында протокол жазылат. Жазылган протоколго кеңештин төрагасы жана катчысы кол коет. Педагогикалык кеңештин протоколу жазылган китепче билим берүү мекемесинде 5 жылга чейин сакталат.